КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**07-ноябрь 2025-жыл № 8** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл аймагына караштуу Могол-Коргон айылында жайгашкан № 40 Белинский атындагы мектебин капиталдык ремонттон өткөрүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 07-ноябрындагы № 10-6/781 сандуу катындагы Кеңеш айыл аймагынын Могол-Коргон айылында жайгашкан № 40 Белинский атындагы мектебин капиталдык ремонттон өткөрүү максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Бюджет кодексине" жана Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Могол-Коргон айылында жайгашкан № 40 Белинский атындагы мектебин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүү грантка долбоор даярдоодо өздүк салым эсебинен, долбоордун жалпы суммасынан 50000 (беш жүз миң) сом акча каражатын 2026-жылдын бюджетинен карoo жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**